**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык Кенешинин VIII чакырылышын кезектеги XXII сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 23-июлу № 22/11 Жаңы-Турмуш айылы

**Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 11-февралындагы №40 “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнү жөнүндө” Жарлыгын аткаруу, органикалык айыл чарбаны өнүктүрүүгө көмөктөшүү, ата мекендик айыл чарба продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу, жер жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, органикалык продукцияны өндүрүүчүлөрдү жана керектөөчүлөрдү колдоо максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 1-бөлүгүн, 2-бөлүгүнүн 1 жана 17-пункттарын жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Г.Мадаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айылдык Кеңешинин **VIII** чакырылышынын кезексиз **XXII** сессиясы **токтом кылат**:

1. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүндө Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планы бекитилсин.
2. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө бекитилген иш-чаралар планында белгиленген иш-чаралардын өз убагында жана сапатуу аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөттүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө кызыктар болгон өндүрүүчүлөргө, фермердик жана дыйкан чарбаларына органикалык өндүрүштүн талаптары, жер кыртышын жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, экологиялык жактан таза продукция өндүрүү боюнча түшүндүрүү, маалыматтык иштерди жүргүзүү тапшырылсын.
4. Ушул токтомду ишке ашырууга байланыштуу иш-чаралар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү бюджетте каралган каражаттардын чегинде жана мыйзамдарда тыюу салбаган башка булактардын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн экендиги белгиленсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага :** **К.Төрөшев**